КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН
ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ
НООКЕН РАЙОНДУК
ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

инд. 721200 Ноокен р-ну Масы айылы Ленин к.№9
тел. факс 03734 5-05-44

МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ЖАЛАЛ-АБАДСКОЙ ОБЛАСТИ
ОТДЕЛ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
НООКЕНСКОГО РАЙОНА

инд. 721200 Ноокенский р-н с.масы ул.Ленина №9
тел. 03734 5-05-44

27.11.2021ж. № 27-6/4068

__________ №__________ катка

**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасы Н. К. Шайлдабековага**

# АТАЙЫН БИЛДИРҮҮ

2021-жылдын 22-ноябрь күнү Ноокен районунун Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Жаңы-Жол айылынын Жаңы-Жол көчөсүнүн №2/1 үйүнүн тургуну 15.12.1967-жылы туулган Арстанбеков О[redacted] С[redacted] арыз кайрылып, анда; 2021-жылдын 15-ноябрь күнү Ноокен районунун Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Ак-Бата автобекстинде жайгашкан "Ак-Бата" ресторанында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б[redacted] Сыдыков Бүргөндү айыл өкмөтүнүн эли менен жолугушуу өткөрүп, ошол эле жердеги элдин арасында жүргөн Эркин аттуу жаран "депутаттыка талапкер Б.Сыдыковду шайласак, Бүргөндү айыл өкмөтүнө караштуу Курама айылындагы футбол аянтчасына төшөлүүчү жасалма газон алып берем деп айтты"-деген маалымат бергендигин билдирген.

Бул окуянын жосунда Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-бер. 1-бөл. көрсөтүлгөн кылмыштын белгилери байкалгандыктан, 2021-жылдын 23-ноябрында Ноокен РИИБдин КЖБРне 03-037-2021-000871 сандуу катталып, сотко чейинки өндүрүш иши башталган.

Окуя боюнча, арызданууччу Арстанбеков О[redacted] С[redacted] өз көрсөтмөсүндө; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Сыдыков Б[redacted] Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Курама айылына "футбол аянтчасын куруп беремин"-деп убада берип жаткандыгы тууралуу маалыматты угуп, 2021-жылдын 22-октябрь күнү аталган маалыматты тактоо максатында Курама айылына барса, футбол аянтчасына жакын жайгашкан Курама айылынын тургуну Орибжан уулу Улугбектин үйүнүн короосунда фудбол аянтчасына төшөлүүчү бир-нече рулон жасалма газондор турганын көрүп, окуя боюнча милиция бөлүмүнө арыз жазып кайрылган.

Текшерүүнүн жүрүшүндө, Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Курама айылынын жаштары өз ара макулдашып, жаштар арасында уюштурулган фондуна айылындагы футбол аянтчасына төшөө үчүн жасалма газон сатып алуу максатында, мүмкүнчүлүгүнө жараша жалпы 200000 (эки жүз миң) сом акча чогултушуп, аталган акчасына Жалал-Абад шаарынын тургуну Чилаев Т[redacted] жети рулон футбол аянтчасына төшөлүүчү газон сатып алгандыгы аныкталган.

Окуянын кырдаалдарын жана жагдайларын калыбына келтирүү учурунда, аталган футбол аянтчасына төшөө үчүн жасалма газондорду жүктөп алып кеткен Курама

айылынын тургундары Касимов Б[redacted] И[redacted], Кадыржан уулу Э[redacted], Казимжанов Ш[redacted] И[redacted] жана Юлчибай уулу М[redacted] аталган жети даана газон рулондорун, Джеенбеков Р[redacted] А[redacted] Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарынын Транспортный көчөсү №15 profдаректеги үйүнөн алып кеткендигин көрсөтүп беришкен.

Ал эми, Ноокен округдук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 25-ноябрындагы №46 сандуу чыгыштталган билдирүүсүнө ылайык, Чилаев Т[redacted] К[redacted], Джеенбеков Р[redacted] А[redacted], Орибжан уулу У[redacted], Касимов Б[redacted] И[redacted], Кадыржан уулу Э[redacted] жана Казимжанов Ш[redacted] И[redacted] Ноокен округдук шайлоо комиссиясында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин ишенимдүү өкүлү, же байкоочусу болуп катталбагандыгын маалымдаган.

Текшерүүнүн жыйынтыгы менен, арызданууч О.Арстанбеков өз дооматында, Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Б.Сыдыков Бүргөндү айыл өкмөтүнүн Курама айылындагы футбол аянтчасына төшөлүүчү жасалма газон алып берген болушу мүмкүн деген күмөн менен аталган маалымат боюнча текшерип берүүнү суранып, аталган арыз боюнча текшерүүнүн жүрүшүндө Курама айылынын жаштары тарабынан чогултулган 200000 (эки жүз миң) сом акчасына, Жалал-Абад шаарынын тургуну Чилаев Т[redacted] жети рулон футбол аянтчасына төшөлүүчү жасалма газон сатып алгандыгы аныкталып, ошондой эле талапкер Б.Сыдыков шайлоого карата жүрүп жаткан үгүт иштери учурунда көмөк сурап кайрылган жарандардын эч бирине материалдык же башка жардам көрсөткөн эместигин эске алып, тактап айтканда окуяда кылмыштын же жоруктун белгилери байкалбагандыктан, 2021-жылдын 26-ноябрында Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 26-бер. 1-бөл. 2-пунктунун негизинде өндүрүштөн кыскартылган.

Ноокен РИИБдин начальниги
милициянын полковниги:

**Мусаев А. Б.**